**И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети Тоо-кен технологиялык колледжинин**

**Педагогикалык Кеңешинин №3 протоколу**

**24.01.2024-жыл**
**Катышкандар:**
**Педагогикалык Кеңешинин 22 мүчөсү**

**Күн тартиби**

| № | Каралуучу суроолор | Баяндамачы |
|---|---|---|
| 1 | 2023-2024-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгына карата окуу процессинин жүрүшү, журналдардын толтурулушу, өндүрүштүк практиканын жүрүшү | Окуу иштери боюнча директордун орун басары Алымжанов А.И. |
| 2 | Биринчи жарым жылдыктагы тарбиялык иштердин аткарылышы боюнча маалымат | Тарбия иштери боюнча директордун орун басары Райышов А.К. |
| 3 | Окуу-методикалык комплекстерин түзүлүшү жана аткарылышы жөнүндө маалымат | Солтонкулова М.Д. |
| 4 | Аккредитацияга даярдык, аудиторияларды өтүлүп жаткан сабактарга ылайыктап бөлүштүрүү жана жасалгалоо | Аракеев М.У., Миргазиева К.М. |
| 5 | Негизги билим берүү программасын бекитүү (ООП) | Аракеев М.У. |
| 6 | Студенттердин финансылык окуу төлөмдөрү боюнча маалымат | Джукушова Н.А. |
| 7 | Кышкы экзамендик сессиянын жыйынтыгы боюнча кураторлордун отчеттору | Топтордун кураторлору |
| 8 | Мамлекеттик Аттестациялык Комиссиянын курамын бекитүү | Аракеев М.У. |
| 9 | Тоо-кен технологиялык колледжинин 2024-2025-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алуу боюнча Техникалык комиссиянын курамын бекитүү жана Кесипке багыт берүү боюнча профориентациялык иштерди уюштуруу | Аракеев М.У. |
| 10 | Ар кандай суроолор: | |

1. **2023-2024-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгына карата окуу процессинин жүрүшү, журналдардын толтурулушу, өндүрүштүк практиканын жүрүшү.**
*Баяндамачы: Окуу иштери боюнча директордун орун басары Алымжанов А.И.*
2023-2024-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында аткарган окуу жүктөмдөрү боюнча отчетторду кабыл алып жатабыз. Студенттердин окууга катышуусун жана ушуга улай эле окутуучулук курамдын сабакты өткөрүүдөгү жоопкерчиликтерин биздеги атайын текшерүүчүлөр текшерип, жыйынтыктап жыл жыйынтыгын чыгарганбыз. 2-3 мугалимге сабакты себепсиз өткөрбөй койгондугуна рапорт түзүлүп,

1-эскертүүлөр берилди. Ал эми сабакты себепсиз калтырган студенттердин тизмесин түзүп, жалпы маалыматтык бурчка чыгарганбыз, балдар жоопкерчиликти сезип калтырбай калган студенттер да болду, таптакыр колледж менен байланыш үзүлгөн студенттердин тизмесин тактап, окуудан чыгарууга билдирүү даярдадык. Сабакка катышуу боюнча ар жарым жылдыкка жарыш уюштурганбыз, 1-жарым жылдыкта төмөндөгүдөй орундарга чыккан группаларга колледждин атайын мактоо баракчалары жана акчалай сыйлыктарын бердик. Алар төмөндөгүдөй:

*3 курс*

- ✓ 1 место – ЭМАк-11-22 (64%) Куратор: Мамырбаева Нургуль Канатбековна
- ✓ 2 место - МДк-11-22 (63%) Куратор: Жамангулова Назира Темировна
- ✓ 3 место – ОГРк-11-22 (49%) Куратор: Кулгишиева Гулкайыр Кубанычбековна

*2 курс*

- ✓ 1 место – ОГРк-9-22; ОГРк-11-23 (72%) Куратор: Исабекова В.Ш.
- ✓ 2 место - ЭМАк-9-22; ЭМАк-11-23 (70%) Куратор: Мамырбаева Н.К.
- ✓ 3 место – МДк-9-22; МДк-11-23 (69%) Куратор: Жамангулова Н.Т.

2. **Биринчи жарым жылдыктагы тарбиялык иштердин аткарылышы боюнча маалымат.** Угулду: *Тарбия иштери боюнча директордун орун басары Райышов А.К.*
Тарбия иштери боюнча жасалып жаткан иштерге биринчи дегенде эле студенттердин колледждеги тартиптери боюнча маселелер талкууланды, алардын ар кандай окуу, маданий, спорттук, иш-чараларга активдүү катышып жаткандыктары айтылды. Кураторлордун группалары менен активдүү иштеп жаткандыгынын жыйынтыгында Орто кесиптик билим берүү жайларынын арасынан Тоо-кен технологиялык колледжи алдынкы орунга чыкканын баса белгилеп кетти. Окуудан сырткары маданий, спорттук иш-чаралар ай сайын өтүлүп жатканын билдирди. Ошондой эле студенттердин сырткы көрүнүшү боюнча мугалимдерден терс көз караштар айтылганын жана бул маселени чечүүгө иш-аракеттер болуп жатканын айтты. 2023-2024-окуу жылына студенттерге карала турчу окуу төлөмүнө жеңилдиктерди алууга колледжден 5 студент документтерин тапшырган, жакынкы арада комиссиядан чечилип жооптору кураторлорго кошумча маалымдоосун эскертти.
3. **Окуу-методикалык комплекстеринин түзүлүшү жана аткарылышы жөнүндө маалымат.** *Баяндамачы: Окуу методикалык кеңешинин төрагасы Солтонкулова М.Д.*
Колледж боюнча 2023-2024-окуу жылы боюнча жалпы 11-класстын базасындагы окутууда 74, ал эми 9-класстын базасында 16 предмет бар. Мага тапшырылган Окуу-методикалык куралдардын саны 19. Дагы да болсо күтөм, окуу куралын түзүүгө атайын үлгү даярдалып, ар бириңиздерге берилген.
4. **Аккредитацияга даярдык, аудиторияларды өтүлүп жаткан сабактарга ылайыктап бөлүштүрүү жана жасалгалоо.** *Баяндамачы: Аккредитацияга жооптуу Миргазиева К.М.*
Быйылкы аккредитациядан өтүлүүчү багыттар төмөнкүлөр жана аларга жооптуу катары мугалимдерди бекиттик:

| № | Шифр | Багыттардын аталышы | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | 120101 | Колдонмо геодезия | Орозалиева Г.Ж. |
| 2 | 130201 | Пайдалуу казылмалар кендерин издөөнүн жана чалгындоонун геофизикалык ыкмалары | Толомушова Б.Т. |
| 3 | 130303 | Гидрогеология жана инженердик геология | Атыкенова Э.Э. |
| 4 | 130402 | Маркшейдердик иш | Мааткеримова Б.С., Самибаева А.Ж. |
| 5 | 130403 | Ачык тоо-кен иштери | Аширбаев Б.Т., Тологонов Э.Т. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 6 | 130404 | Пайдалуу казылмалар кендерин жер астында иштетүү | *Аккредитациядан өткөн* |
| 7 | 130405 | Пайдалуу казылмаларды байытуу | Алымжанов А.И. |
| 8 | 140603 | Электр машиналары жана аппараттары | Райышов А.К. |

Бул багыттардын ичинен «Ачык тоо-кен иштери» багыты биз Бишкек техникалык колледжи менен бир түзүм болуп калгандыктан, алардын лицензиясы бизге дагы жарактуу болуп калды жана «Колдонмо геодезия» Н. Исанов атындагы Орто кесиптик билим берүү колледжи менен биргеликте даярданып өтмөй болдук.

Бизди аккредитациядан өткөрүүчү борбор азырынча так чечиле элек, бирок ошого карабай стандарттар боюнча ишти баштоону суранам. Ошол эле форма 4, 5, окуу-методикалык комплекстер ж.б. документтерди карап чыгып даярдай берели.

Окуутуучулардын квалификациясын жогорулатуу боюнча атайын курстарга жазылып окуп, сертификат алыңыздар, азыркы ааламдашуу заманында студенттерге жаңы ыкмалар менен кызыктуу сабак өткөрүүгө аракеттениңиздер.

Мындан тышкары колледждеги 8 багыт боюнча болушунча аудиторияларды бөлүштүрдүк, алар төмөндөгүдөй бөлүштүрүлдү:

| № ауд. | Направление | Жооптулар |
|---|---|---|
| **68** | Гидрогеология жана инженердик геология | Абдыбекова Ч.Ш. |
| **70** | Пайдалуу казылмалар кендерин издөөнүн жана чалгындоонун геофизикалык ыкмалары | Орозова Ж.Т. |
| **1** | Маркшейдердик иш<br>Колдонмо геодезия | Жамангулова Н.Т., Казакова Э.К. |
| **90** | Электр машиналары жана аппараттары | Мамырбаева Н.К. |
| **17** | Ачык тоо-кен иштери | Исабекова В.Ш. Кулгишиева Г.К. |
| **48** | Пайдалуу казылмаларды байытуу | Ороскулова Г.Ж., Жамангулова Н.Т. |
| **ТП** | Пайдалуу казылмалар кендерин жер астында иштетүү | Солтонкулова М.Д., Исабекова В.Ш., Райышов А.К. |

5. **Негизги билим берүү программасын бекитүү (ООП).** *Угулду: ТКТКнин директору Аракеев М.У.* колледждин 8 багынтында программалар иштелип, түзүлүп жаткандыгы айтылды. Аккредитацияга чейин бүткөрүп колледждин сайтына жүктөөлөрүн кошумча маалымдады.
6. **Студенттердин финансылык окуу төлөмдөрү боюнча маалымат.** Угулду Джукушова Н.А., Биринчи жарым жылдыкта окуу төлөмүнүн аткарылышы жөнүндө маалымат берди. Алар төмөнкүдөй:
   - 1-курс 51%
   - 2-курс 51%
   - 3-курс 52%
7. **Кышкы экзамендик сессиянын жыйынтыгы боюнча кураторлордун отчеттору.** *Угулду:* Топтордун кураторлору жана окутуучулар кышкы сессиянын өтүшү тууралуу отчетторун айтышты, сабактардын студенттерге жеткиликтүү тилде түшүндүрүлүп

жатабы же тескерисинче балдардын окууга кызыгуусу жокпу, бул жаатта көптөгөн сунуш-пикирлер айтылды. Буга байланыштуу бул жылы да адаттагыдай Тоо-кен технологиялык колледжи стунденттердин көз карашында кандай? - деген суроодо анкета уюштурулаарын билдирди.

8. **Мамлекеттик Аттестациялык Комиссиянын курамын бекитүү.** *Баяндамачы: Аракеев М.У.* Быйыл бизде 8 багытта тең бүтүрүүчүлөрүбүз бар, ушуга байланыштуу бир багыттагы группаларга 1 МАКтын төрагасы болуусун чечтик жана төрагага 1ден жардамчы, 2 комиссияга мүчө, 1ден катчы болоорун тактадык. Албетте Институттагыдай эле комиссияда 5тен мүчө болот, 2 адам сырттан анын бирөө сөзсүз өндүрүштөн болуусуна аракет кылып билдирүү даярдап жатабыз.
9. **Тоо-кен технологиялык колледжинин 2024-2025-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алуу боюнча Техникалык комиссиянын курамын бекитүү жана Кесипке багыт берүү боюнча профориентациялык иштерди уюштуруу.** *Баяндамачы: Аракеев М.У.* Ооба быйылкы жылы да абитуриенттерди кабыл алуу боюнча Техникалык комиссиясынын курамын бекитүүдө көйгөйлөр бар, баарыбыз эле эс алгыбыз келет, иштеп бер десек арты айлыкка келип такалып жатат, жаштардын шарты айлыгыбызды чечип берсеңиз, иштеп беребиз дегендер да жок эмес. Ушуга да карабай балким быйылкы жылы кабыл алууда айлык маселеси чечилип калаар деген үмүттө кайрадан комиссия мүчөлөрүн бекитүүгө Сиздерден сунуш күтөм, кимдерди коелу, жалпы жамаат кандай жардам бере алабыз? Профориентациялык ишти албетте жалпыбыз региондорго чейин барып, бул чети шаардык мектептерди кыдырып иштеп берүүгө даярбыз. Ошондой эле кабыл алуу боюнча Техникалык комиссиясынын мүчөлөрүнөн тышкары 1 жумадан 2ден окутуучу жардам берели деп чечтик. Анда эмесе Техникалык комиссиянын төрагалыгына колледждин негизги окутуучусу Казакова Эльнура Кычановнаны көргөзүп жатабыз, Сиздердин сунушуңуздарга да коеюн, оюңуздарды бөлүшүңүздөр. Калган мүчөлөрүн да тактап анан билдирүү берели.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Тоо-кен технологиялык колледжинин Педагогикалык кеңеши,

**Токтом кылат:**

1. 2023-2024-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгына карата окуу процессинин жүрүшү, журналдардын толтурулушу тыкыр көзөмөлдөнсүн, өндүрүштүк практиканын жүрүшү өз убагында аткарылсын.
2. Биринчи жарым жылдыктагы тарбиялык иштердин аткарылышы боюнча маалымат кабыл алынсын, жазгы семестрга балдардын тартиптери, окууга катышуусу, сырткы көрүнүштөрүн текшерүү күчөтүлсүн, аткаруу жана көзөмөлдөө тарбия иштери боюнча директордун орун басары А.К. Райышовго жүктөлсүн.
3. Окуу-методикалык комплекстеринин түзүлүшүн жана аткарылышын текшерип, кабыл алуу жана көзөмөлдөө төрага жана анын командасына күчөтүлгөн режимде жүктөлсүн, Окуу-методикалык комплекстерин убагында аткарбаган окутуучуларга тиешелүү чаралар администрация тарабынан көрүлсүн.
4. Аккредитацияга даярдык, аудиторияларды өтүлүп жаткан сабактарга ылайыктап бөлүштүрүү жана жасалгалоо улантылсын, көзөмөлдөө иши окуу иштери боюнча директордун орун басары А.И. Алымжановго жүктөлсүн.

5. Негизги билим берүү программасы бекитилсин, 20-февралга чейин сайтка киргизилсин, көзөмөлдөө иши окуу иштери боюнча директордун орун басары А.И. Алымжановго жүктөлсүн.
6. Кышкы экзамендик сессиянын жыйынтыгы боюнча кураторлордун отчеттору кабыл алынсын.
7. Мамлекеттик Аттестациялык Комиссиянын курамы такталып 10-мартка чейин бекитилсин.
8. Тоо-кен технологиялык колледжинин 2024-2025-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алуу боюнча Техникалык комиссиянын курамынын төрагалыгына колледждин окутуучусу Казакова Эльнура Кычановна бекитилсин, калган мүчөлөрү 10-мартка чейин такталып бекитүүгө билдирме даярдалсын. Мындан тышкары колледжде негизги кызматта иштеген мугалимдерден ар жума сайын Техникалык комиссиясынынын ишмердүүлүгүн жогорулатуу максатында 2ден окутуучу жардам берүү ирээтинде даярдалып, директорго билдирүү жазылсын. Көзөмөлдөө иши комиссиянын төрагасы Казакова Эльнура Кычановнага жүктөлсүн.

**ТКТ колледжинин директору** — **Аракеев М.У.**

**Педагогикалык Кеңешинин катчысы** — **Исабекова В.Ш.**

**Тоо-кен технологиялык колледжинин**
**Педагогикалык кеңешинин мүчөлөрүн**
**КАТТОО БАРАКЧАСЫ**
**24.01.2024**

| № | Ф.И.О. | Подпись |
|---|---|---|
| 1 | Аракеев М.У. | (подпись) |
| 2 | Абдыбекова Ч.Ш. | (подпись) |
| 3 | Алтымышбаева Л.К. | |
| 4 | Асранкулова Г.М. | |
| 5 | Адылбекова Н.О. | (подпись) |
| 6 | Аалиева Н.К. | |
| 7 | Акимов И.Ш. | |
| 8 | Алымжанов А.И. | (подпись) |
| 9 | Арыкова З.К. | |
| 10 | Алыбеков У.Т. | (подпись) |
| 11 | Атыкенова Э.Э. | |
| 12 | Аширбаев Б.Т. | (подпись) |
| 13 | Булекбаев А.М. | |
| 14 | Жылдызбек уулу Алишер | (подпись) |
| 15 | Жуман кызы Айнура | |
| 16 | Жусупжанова К.О. | |
| 17 | Жайлообай кызы Чынара | |
| 18 | Жамангулова Н.Т. | (подпись) |
| 19 | Джаналиев Ж.М. | |
| 20 | Джукушова Н.А. | (подпись) |
| 21 | Казакова Э.К. | (подпись) |
| 22 | Кубатов А.К. | (подпись) |
| 23 | Калыков М.А. | |
| 24 | Какулиева А.А. | |
| 25 | Кулгишиева Г.К. | (подпись) |
| 26 | Коколоева Г.У. | |
| 27 | Мырсалиев Ж.Э. | (подпись) |
| 28 | Мурадилов Э. | (подпись) |
| 29 | Мамырбаева Н.К. | (подпись) |
| 30 | Мааткеримова Б.С. | |
| 31 | Миргазиева К.М. | (подпись) |
| 32 | Норузбаев Ж.Д. | |
| 33 | Ногоева М.Ш. | |
| 34 | Райышов А.К. | (подпись) |
| 35 | Солтонкулова М.Д. | (подпись) |
| 36 | Сураналиева А.Ж. | |
| 37 | Тыныстанова А.А. | |
| 38 | Турматова Н. А. | |
| 39 | Тутунова Р. Т. | (подпись) |
| 40 | Тологонов Э. Т. | |
| 41 | Толомушова Б. Т. | |
| 42 | Орозкулова Г.К. | (подпись) |
| 43 | Орозова Ж.Т. | (подпись) |
| 44 | Орозалиева Г.Ж. | |
| 45 | Омошов Н.Д. | |
| 46 | Эдилбаев С.Ж. | |
| 47 | Исабекова В.Ш. | (подпись) |

Секретарь (подпись) Исабекова В.Ш.